# «КУМТӨР» жаңылыктары

КОМСОМОЛЬСКАЯ ПРАВДА Кыргызстан
ГЕЗИТИНИН АТАЙЫН САНЫ

ШАРШЕМБИ, 28-АПРЕЛЬ, 2021-ж.


ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ




Бул санда


**«КУМТӨР» ЫСЫК-КӨЛДҮКТӨРГӨ АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА МАСЕЛЕНИ ЧЕЧҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРДИ**

Инвестор Жети-Өгүз районунун фермерлерине буудайды себүүнү өбөлгөлөө боюнча долбоорду демилгеледи.

*5-бет*

**БАЛЫКЧЫДА ТАШТАНДЫНЫ СОРТТООЧУ ЗАМАНБАП ЗАВОД ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ**

Эми сортталган тиричилик таштандыларынан экинчи сырьену алуу үчүн ал кайра иштетүүгө жөнөтүлөт.

*7-бет*

**ЫСЫК-КӨЛДҮКТӨР МИКРОКРЕДИТТИК АГЕНТТИКТЕРДИН КОЛДООСУНДА ӨНДҮРҮШТӨРҮН КАНТИП ӨНҮКТҮРҮШҮҮДӨ**

Аймакта өндүрүштөрдү өнүктүрүүдө жеңилдетилген кредиттер үч МКА тарабынан берилет. Бул МКАлардын старттык капиталын "Кумтөр" бөлгөн.

*8-9-бет*

**ЫСЫК-КӨЛДҮК ТИГҮҮЧҮЛӨР ЭКСПОРТКО ЧЫГА БАШТАШТЫ!**

Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде "Кумтөрдүн" катышуусунда тигүү бизнесине колдоо көрсөтүү боюнча программа ишке ашырылды.

*10-11-бет*

**ҮЙ ФЕРМАСЫНДАГЫ «ЭКЗОТИКА»: ЖЕТИ-ӨГҮЗДҮКТӨР КЫРГООЛ БИЗНЕСИН ӨЗДӨШТҮРҮШҮҮДӨ**

Барскоон айылында аймактын био көп түрдүүлүгүн сактоо жана жергиликтүү фермерлердин кирешелерин жогорулатуу үчүн демонстрациялык фазанарий түзүлдү.

*12-бет*


## 2020-ЖЫЛЫ "КУМТӨР" КЫРГЫЗСТАНДЫН БЮДЖЕТИН 14,5 МЛРД СОМГО ТОЛТУРДУ


КОМПАНИЯ ӨТКӨН ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЧЫГАРДЫ.

2020-жылда тоо өнөр-жайы тармагындагы эң чоң компания Кыргызстандын бюджетине **14,5 млрд** сомду салык жана милдеттүү чегерүүлөр катары которду. Жалпысынан республиканын аймагындагы төлөмдөр (салыктар, аффинаж жана жергиликтүү жеткирип берүүчүлөргө товар жана кызмат көрсөтүү үчүн төлөнгөн төлөмдөр, инфраструктура боюнча төлөмдөр, кайрымдуулук ж.б. камтылган) **344,680 млн** доллардан ашты. 1994-жылдан 2020-жылга чейин компания иштеген мезгилде "Кумтөрдүн" төлөмдөрү **$4,48 млрд** ашуун сумманы түздү.


***Компаниянын өндүрүштүк жыйынтыктарын цифралар менен 3-беттен көрүңүз.***

# КЫРГЫЗСТАНДЫН УЛУТТУК ОНКОЛОГИЯ ЖАНА ГЕМОТОЛОГИЯ БОРБОРУНДА ОНКОЛОГИЯ МЕНЕН ЖАБЫРКАГАН БЕЙТАПТАР ҮЧҮН ТИЛКЕ ТЕЗДЕТКИЧИ ОРНОТУЛДУ

План боюнча алгачкы бейтаптар май айынан баштап кабыл алынат.



Жаңы жабдык орнотулду.

**МААЛЫМАТ**

Тилке тездеткичи залалдуу жаңы түзүлүштөрдү шоолага кармоо үчүн радиотерапиялык комплекстен турат. Шоола терапиясында соо ткандарга жана органдарга зыянын тийгизген салттуу аппараттардан айырмаланып, инновациялык технологиялар радиацияны шишиктин борборуна так дозалоого мүмкүнчүлүк берип, соо ткандардын жабыр тартуусун азайтат жана дарылануу мөөнөтүн дагы кыскартат.

Көптөн күткөн окуя ишке ашты!

Бишкектеги Улуттук онкология жана гематология борборуна 2019-жылы "Кумтөр" компаниясынын каражатына сатып алынган тилке тездеткичтери орнотулду. Бул күндү онкология менен жабыркаган бейтаптар үч жыл күтүшкөн. Инвестордун 2017-жылы 10 млн доллар өлчөмүндө грант бөлгөнүнө карабастан, алынган сумма пайдаланылбай келген. Тендерлер бир нече жолу токтотулду. 2019-жылдын апрель айында гана Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду, Улуттук онкология жана гематология борбору жана эстониялык MN Medical OU компаниясынын ортосунда $3,8 млн доллардан ашык турган тилке тездеткичтеринин эки комплектин жеткирип берүү тууралуу үч тараптуу келишим түзүлгөн. Аларды Бишкекке өз учурунда алып келүүгө жана кымбат баалуу жабдык үчүн атайын бункерлерди оңдоого коронавирус пандемиясы тоскоолдук жаратты.

Кыргызстандын борборуна тилке тездеткичтери өткөн жылдын ноябрь айында гана алып келинди. Кийинчерээк Бишкекке белорусиялык усталар келип, бункердин эки радиокоргоочу эшиктерин орнотушту. Тилке тездеткичтеринин инсталляциясын өндүрүүчү заводдун өкүлдөрү жана Түркиядан келген адистер жасашты.

Улуттук онкология жана гематология борборунун директору Эрнис Тилековдун билдирүүсү боюнча, азыркы күндө жабдыкты ишке киргизүүгө бир кадам калды. Россиядан келген адистер калибровка жүргүзүштү. Ишке киргизүүнүн алдында дагы бир зарыл шарт – бул медиктерди окутуу. Ал онлайн жана офлайн-форматтарда жүргүзүлөт.

- Азыр биздин бир нече медкызматкерлер Европада окуп жатышат. Жабдык абдан татаал. Ал менен дарыгер-радиолог, медициналык физик, техник-лаборант, ошондой эле инженер-медик иштейт. Мындан тышкары, Кыргызстанга тренерлер келишет жана алардын көзөмөлүндө бул аппараттарды колдонуу менен алгачкы бейтаптар дарыланышат, - дейт Эрнис Абдышевич.

Улуттук онкология жана гематология борбору бейтаптарды май айынын биринчи бөлүгүндө кабыл алууга даярданып жатат. Күнүнө эки аппаратта орточо эсеп менен 120га жакын адам дарылана алат.

2020-жылдын маалыматына караганда Кыргызстанда 28,5 миң онкология менен жабыркаган бейтаптар каттоодо турат.

Жыл сайын 5,5 миң кыргызстандыкта рак илдети аныкталат.

**Екатерина РОЗИНА.**
**Фото: Улуттук онкология жана гематология борбору**

БИЗДИН БААЛУУЛУКТАР

# КУМТӨРДӨ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ИШТӨӨНҮН БИР ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНДИ

Бул өзгөчө сыймыктанууну жараткан жетишкендик!



«Кумтор Голд Компани» өндүрүш боюнча директору Болотбек Идирисов коллективди маанилүү жетишкендиги менен куттуктады.

«Кумтор Голд Компани» ден-соолукту, эмгекти жана өндүрүш коопсуздугун коргоо тармагында маанилүү жетишкендикке ээ болду. Жалпы аракет менен команда белгилүү жыйынтыкка жете алды – өндүрүштө жумуш убактысын жоготуу абалы жок бир жыл иштөө. Бул өзгөчө сыймыктанууну талап кылган жетишкендик!

- Мен коллективди бул жыйынтык менен чын жүрөктөн куттуктайм, - дейт КГК өндүрүш боюнча директору **Болотбек Идирисов**. – Бул жетишкендик компаниянын кырсыктар боюнча нолдук көрсөткүчкө жетее аларын күбөлөндүрүп турат.

2020-жылдын 28-мартында кен казуучу жерде болгон акыркы кырсыктан кийин (жумушчу вахта автобусунан түшүү учурунда бутун кокустатып алган) "Кумтөрдүн" коллективи адистигинин, лидерлигинин жана «Work Safe/Home Safe» программасынын принциптерин кармоонун натыйжасында, компаниянын жана подряддык уюмдардын бардык жумушчулары үйүнө, үй-бүлөсүнө аман-эсен кайтып баруусу үчүн жумуштун коопсуз ыкмаларын камсыз кылуу маселелерине кылдат көңүл бура башташты.

- Акыркы жылда кен казуучу коллектив көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болду. Учурдагы шарттар мурункулардан абдан айырмаланып калды. Дүйнөлүк коронавирус пандемиясы жаңы тоскоолдуктарды пайда кылды. Бирок бардык кыйынчылыктарга карабастан, ар бир жумушчунун аракетинин натыйжасында, биз бир команда катары бул тоскоолдуктарды ийгиликтүү жана коопсуз түрдө жеңдик. «Work Safe/Home Safe» программасынын алкагында жалпы баалуулуктарыбызды, бардык кызматкерлердин жыргал жашоосун жана компаниянын туруктуу өсүүсүн чындоо жана өнүктүрүү үчүн ден-соолукту, эмгекти жана өндүрүш коопсуздугун коргоо тармагында жогорку жыйынтыкка ээ болуу үчүн аракет кылууну улантабыз! - деп Болотбек Идирисов сөзүн аяктады.

# МАМЛЕКЕТТИК КОМИССИЯ КУМТӨРДӨ

**«Кумтөр» кени кезектеги мамлекеттик комиссияны тосуп алды. Комиссиянын визитинин максаты – Өкмөттүн 2012 жана 2013-жылдардагы токтомдорунун аткарылышын текшерүү.**



Мамлекеттик комиссиянын мүчөлөрү Кумтөргө текшерүү менен барышты.

"Кумтөрдүн" иши боюнча 2012-2013-жылдардагы өткөрүлгөн эки мамлекеттик комиссиянын текшерүүсүнөн кийин, өлкө Өкмөтү ишкананы текшерүүгө АМЕК көз карандысыз британ компаниясын тарткан. Аталган компания текшерип бүткөндөн кийин 20 сунуштама даярдады. Бүгүнкү күндө алардын дээрлик баары аткарылды. Андан тышкары, 2020-жылдын октябрь айында ERM Consultants Canada Ltd компаниясы «АМЕКтин калган сунуштамаларынын» «Кумтөр» кенинде аткарылуу даражасын текшерип, «Кумтор Голд Компани» АМЕКтин калган сунуштамаларын толук аткарганын тастыктады.

Түрдүү деңгээлдеги текшерүүлөргө жана комиссияларга жыйырма жылдан ашык убакыттан бери кен казуучулар көнүп деле калышты. Бул жерде жашыруун сыр деле жок. Алтын казуучу компаниянын бүт ишмердиги ачык жана айкын.

Кезектеги мамлекеттик комиссиянын мүчөлөрү, алардын көпчүлүгү мурдагы комиссиялардын курамында келип кеткен, көптөгөн оң өзгөрүүлөрдү, мисалы, тазалык менен тартипти белгилешти. Белгилүү болгондой, "Кумтөр" – таштандыларды өзүнчө чогултуп, тамак-аш калдыктарын өзүнчө топтоону жайылтууну баштаган ишканалардын бири.

Визит менен келгендер кендин эмгек жамааты 20 жыл мурдагыдай эле татаал климаттык шарттарда талыкпастан иштөөнү улантып жатканын көрүштү. Мамлекеттик комиссиянын талапты катуу койгон эксперттери АМЕК компаниясынын сунуштамалары "Кумтөр" тарабынан ак ниет менен аткарылып жатканын өз көздөрү менен көрүп, ынанып кетишти.

Бүгүн Петров көлү, тазалоочу курулмалар, суу сактоочу жайдын тосмосу жана башка объектилер алардын абалын көзөмөлдөп турган бардык көрсөткүчтөр менен жабдылган. Андан тышкары, кенде сарпталуучу суунун сапатына жана өлчөмүнө, өнөр жай жана тиричилик агындарын, жаныбарлар дүйнөсүнүн абалына, абанын курамына ж.б. көз сала турган миңден ашык мониторинг түйүндөрү иштөөдө.

Кумтөрдө ресурстарды башкаруу боюнча эң катаал эл аралык экологиялык стандарттар иштейт. Бир дагы зыяндуу зат дарыяларды, грунттарды жана мөңгү сууларды булгабайт. Кенден болгону беш километр төмөндө, өндүрүштүн ошол эле сууга болгон таасирин байкай албайсың.

Визиттин соңунда мамлекеттик комиссиянын төрагасы **Акылбек Жапаров** төмөнкүдөй жыйынтык чыгарды:

- алдын ала жыйынтыктарга таянсак, компания туруктуу ишин улантууда, 2031-жылга чейин жакшы келечектүү иштери бар. Коллектив мындан ары да жакшы иштейт деп ишенем.

2021-жылдын февраль айында «Центерра Голд» компаниясы «Кумтөр» кени боюнча жаңы техникалык отчетту жарыялады, анда кенди пайдалануу мөөнөтү 2031-жылга чейин узартылган. Өзүнө алынган бардык милдеттенмелерди аткаруу менен, «Кумтор Голд Компани» дагы көптөгөн жылдар өлкөнүн тоо кен секторундагы лидер жана мамлекеттик бюджеттин ишенимдүү таянычы болуп калмакчы. Албетте, ага бут тосуулар эле болбосо.

**Коомдук телерадиокорпорация (КТРК), 2021-жылдын 2-апрели.**
**Фото: kenesh.kg**

KUMTOR КУМТОР centerraGOLD

# 2020 ЖЫЛ

ДЕК 31

КР мамлекеттик бюджетине төлөмдөр жана башка милдеттүү

## 14,5 МИЛЛИАРД СОМ

**Өндүрүлгөн алтын**
556 136 унция / 17,30 тонна

АКШ доллары менен төлөмдөр
**159 218 106**

**12 699 698 218**
Төлөмдөрдүн эквиваленти сом менен

- **124 050 109** Дүң кирешеге салык
- **10 112 856** Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна салым
- **18 045 142** Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна төлөм
- **3 700 000** Жаратылышты өнүктүрүү фондуна салым
- **3 000 000** Онкологиялык кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү фондуна салым
- **310 000** Экологиялык төлөм

**1 799 773 231**
Сом менен төлөмдөр

- **24 582 678** Бажы төлөмдөрү
- **1 394 272 625** КР Социалдык фондуна төлөмдөр
- **293 425 421** Кызматкерлердин кирешесине салык
- **55 537 036** Башка салыктар жана милдеттүү төлөмдөр
- **31 955 472** Резидент эместердин кирешесине салык

@kumtorgold
@kumtorkg
Kumtor Gold
www.kumtor.kg

ЭСКЕРТМЕ:
2009-жылдын 24-апрелиндеги "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң киреше салыгын жана Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна салымды эсептөө үчүн негиз катары көрсөтүлгөн мезгилдеги продукцияны сатуудан түшкөн иш жүзүндөгү акча каражаты саналат.

Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, «Центерра Голд Инк» жана КГК ортосунда 2017-жылдын 7-сентябрда түзүлгөн Стратегиялык келишимине ылайык жана 2019-жылдын 8-июлунда каралган Кошумча төлөмдөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт.

**Бул риторикалык суроого жооп алуу жана олуттуу чечимдин кесепеттерин билүү үчүн "Кумтөрдүн" жаңылыктары" ата мекендик эксперттерге кайрылышты.**

# КАЙРАДАН БАШТАЛДЫ: ЭМНЕ ҮЧҮН КАНАДАЛЫКТАРДЫ "КУМТӨРДҮ" ТАРТЫП АЛУУ МЕНЕН КОРКУТУШАТ



Борбордук Азиядагы ири алтын кенин казчу өндүрүш туруктуу иштеп жатканда аны улутташтыруу жөнүндө маселеге кайрылуунун кереги барбы?

## ИНВЕСТОР ҮЧҮН ЖАГЫМСЫЗ ШАРТ

Бул нерсеге көнүү керек.

Кыргызстанда бийликтин улам алмашуусу кыргыз тоолорунда алтын казуу менен алектенген чет өлкөлүк ири инвестор үчүн оюндун жаңы эрежелерин түзүү менен коштолот. Саясий курс 180 градуска бурулуп, иш мамилелерин түзүү боюнча багыттар өлкөнү кайрадан артка сүрөт. Жүздөгөн жолу сүйлөшүлгөн, жүздөгөн жолу талкууланган, жабылды деп эсептелген маселелер кайрадан ачылат.

Кыргызстанда саясий элитанын алмашуусу менен он жылдан бери кыргыз экономикасынын флагманы болгон "Кумтөрдү" улутташтыруу тууралуу айтыла баштады. Социалдык желелерде коомдук пикирге таасир этүү аракети салттуу түрдө, эгер канадалыктар иштерин уланта турган болсо Кыргызстанга бүлүнгөн экологиянын жана коркунучтуу кесепеттин калары тууралуу пикирлер менен чыңдалууда. Албетте, ал тоо кен казуу өндүрүшүнөн жана ошол эле экологиялык көйгөйлөрдөн түшүнүгү жок адамдар тарабынан талкуулана баштайт. Маселенин финансылык жагынан талкуулай турчу эч нерсе деле жок. Цифралар, эсептер, талдоолор жүргүзүлгөн эмес. Болбосо, тоо кен казуу өндүрүшүнүн мындай гиганты мамлекеттин карамагына берилген учурда алтын казуучу өндүрүштү андан ары иштетүүгө каражат кайдан аларын ойлонуу зарыл. Мына болгону бир гана расмий сан – 2020-жылы инвестор кен казылчу жайдын капиталдык чыгымдарына 257 млн дон ашык доллар сарптаган. – Дагы бир маселе – бул бүтүндөй Орто Азияда, ошондой эле дүйнөлүк масштабда үлгү болуп саналган Кумтөрдүн өндүрүштү уюштуруу ыкмасы. Ишканада компаниянын кызматкерлеринин жалпы санынын 98% кыргызстандыктар болуп саналат. Кыргызстандык адистер жетектөөчү курамга дагы кирет. Ага кошумча бюджетке ири төлөмдөр төлөнөт. Өткөн жылда эле алтын казуучу компания салык жана милдеттүү чегерүү түрүндө 14,5 млрд сом төлөгөн *(бул тууралуу кененирээк 3-бетактан окуңуз)*. Өлкөдө мындай киреше алып келген, жок дегенде бир компанияны атаңыз, - деп "талкуулоочуларга" сунуш кылат, Кыргызстандын тоо өнөржайы жана геологдор ассоциациясынын башчысы **Орозбек Дүйшеев**. Анын оюу боюнча республика үчүн Канада мамлекети менен болгон мамиле дагы маанилүү.



- Канада коррупция менен күрөшүүдө чоң прогресске жеткен. Биз, балким, анын тажрыйбасын алып, улутташтыруу темасын көңүлгө албасак кандай болот. Маселени шашылыш чечпестен, коомчулуктун тынчын албастан, кылдаттык менен, мамлекеттин жана элдин кызыкчылыгын эске алып, тынчтык жол менен гана чечүү керек, - деп тоо кен иши боюнча адис кеңеш берет.

## «НӨЛДӨН БАШТАГАНГА КАРАГАНДА УЛАНТУУ КӨБҮРӨӨК ПАЙДАЛУУ БОЛОТ»

Кыргыз тоо кен ассоциациясынын башчысы **Ишимбай Чунуев** канадалык компания 2018-жылы кайрадан жанданган геологиялык чалгынга көңүл бурат. Геологдордун жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгы боюнча алынган алдынала маалыматтарга караганда, алтын казуучу жайды эксплуатациялоонун мөөнөтүн көбөйтүүгө үмүт берет, деп эсептейт эксперт. Эгер, мурунку план боюнча тоо иштери Кумтөрдө 2023-жылы аякташы керек болсо, ал эми алтынды ажыратуучу фабрикада иштеп чыгуу мезгили 2026-жылы аяктаса, анда пайда болгон перспективалар менен алтын казчу жайдын мөөнөтүн жок дегенде 8 жылга узартууга болот. Б.а. бул жылдары республика салыктык чегерүүлөрдү жана көп тараптуу жардамдарды, анын ичинде аймакта ири социалдык долбоорду жүзөгө ашыруу катары жардамдарды алууну улантат.



- Азыр "Кумтөрдүн" ишин текшерүү үчүн кезектеги депутаттык комиссия түзүлгөн. Алардын катарында улутташтыруу маселеси дагы коюлат деген пикирлер бар. Бирок, менин көз карашым боюнча мындай саясат жүргүзүүгө болбойт. Бул азыр эмес, инвестициялык долбоорду иштеп чыгуунун башында каралса туура болмок. Садыр Жапаров өзү өткөн жылдын күз айларында позициясын төмөндөгүдөй билдирген: "Улутташтыруу маселесине кайрылууга болбойт. Кен казуучу жайды эксплуатациялоонун аяктоо мөөнөтүнө бир нече жыл калганда ал маселени көтөрүүнүн кажети жок. "Кумтөрдүн" ишинин токтоосу экономикага гана зыянын тийгизет, - дейт эксперт. Анын үстүнө, азыркы күндө бийик тоолуу кен казчу жайларда бардык зарыл инфраструктура, кымбат баалуу жумушчу техника, кесипкөй кадрлар тартылган.

- Канадалык компаниянын ордуна башка компания келген учурда дагы, долбоор чыгаша бөлүгү боюнча бир нече эсе кымбаттайт. Нөлдөн баштап уюштурганга караганда улантуу арзаныраак болот, - дейт Ишимбай Карыбаевич

Эң аягында, чуулгандуу экологиялык аспект. Кыргызстан келишимди бир тараптуу тартипте бузган учурда рекультивациялык иштерге каражаттарды аккумуляциялаган канадалык компания кен казчу жай жабылгандан кийин өлкөдөн кетет. Ошондо гана экологиялык көйгөлөр толук бойдон мамлекетке калат.

## "КОЙЧУ КӨП БОЛСО КОЙ АРАМ ӨЛӨТ"

Дагы бир нюансты түшүндүрө кетүү зарыл. Улутташтырууда компаниянын активдеринин баасын компенсациялоо зарыл. Жөн эле тартып алууга болбойт. – "Жөн эле тартып алуу" – бул экспроприация. Мында мамлекетке андан ары эл аралык арбитражда териштирүүгө туура келет. Эгер, ага карабастан улутташтыргыбыз келсе, анда жүйөлүү суроо пайда болот: "Биздин мамлекет "Центеранын" активдерин кантип төлөйт?", - деп пикирин билдирет Эл аралык иш кеңешинин башчысы **Аскар Сыдыков**.



Ал Кыргызстандагы ийгиликтүү мамлекеттик компанияларды санообо бир колдун манжалары жетиштүү дейт. Калгандары зыян тарткан же жарытып киреше алып келбеген болуп саналат. Бул эле эмес. Дүйнөлүк тажрыйба мамлекеттин эффективдүү башкаруучу боло албасын көрсөтүп турат.


- Жоопкерчиликтүү адамдар абдан көп, бирок жооп берген эч ким жок, - деп түшүндүрөт Эл аралык иш кеңешинин башчысы. Бизде мамлекеттик компаниялардын жетекчилери канчалык тез алмашарын билесиздер, айрым учурда күнүнө эки жолу. Мындай шартта эффективдүү иштөө тууралуу сөз кылууга болобу?

Аскар Сыдыковдун сөзүнө караганда, көпчүлүк чет өлкөлүк инвесторлор "Кумтөрдүн" тажрыйбасына таянышат. Ошондуктан бийликтин ири инвесторго жасаган мамилеси – бул өлкөнүн инвестициялык климатына реклама же антиреклама болот. Жалпысынан, "улутташтыруу" сөзү инвесторлорду коркутат жана дароо төмөнкү ойго түртөт: "Мамлекет иш кызматташтыгын түзүүгө мындай мамиле жасаган учурда, бардык активдер ушундай абалга кабылабы?".

- Ошондуктан, жеке инвестицияларга карата мүмкүн болушунча мындай мамиле жасоого болбойт, - деп баса белгилейт, Эл аралык иш кеңешинин башчысы.

Буга кошумча, адистин оюу боюнча чексиз текшерүүлөргө, ага сарпталган каражаттарды, убакытты курулушка, өндүрүшкө багыттоо натыйжалуу болмок. Башка көптөгөн өлкөлөрдө байкалгандай, пандемия жана курч кризис учурунда бийлик дагы, жарандык коом дагы бардык өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсүнүн кыймылдаткычы болгон бизнести колдоого аракет кылышат.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: kumtor.kg, Султан ДОСАЛИЕВ**



## КАМПА ЭГИНГЕ ТОЛОТ:

# «КУМТӨР» ЫСЫК-КӨЛДҮКТӨРГӨ АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУНА БАЙЛАНЫШТУУ МАСЕЛЕНИ ЧЕЧҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРДИ

**Инвестор Жети-Өгүз районунун дыйкандарын буудай эгүүгө өбөлгөлөөчү долбоор демилгеледи. Пандемия жылы кампаң бош болсо жан-дүйнөң тынчсыз, кардың бош болорун көрсөттү.**

Орточо эсеп менен бир гектар жерден 3,5 тонна буудай жыйноого болот.

### Эмне эксең, ошону аласың

Кыргыз талаасы. Жерге кыш алдында себилген үрөндөр марттын айында топурактан баш бага башташты. Бир айдан кийин (жаандуу болот деп ишенгиң келет) күзүндө түшүмдүн кандай болорун божомолдоого болот. Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылынын жаш дыйканы **Сыргак Алиев** азырынча так божомолду айта албайт.

- Орто эсеп менен, бир гектар жерден 3,5 тонна түшүм жыйноого болот. Бир тонна түшүмдөн 25 миң сомго жакын киреше түшөт, - дейт 4,5 гектар жерди ижарага алган дыйкан.

2020-жылдын жай мезгилинде Сыргак башка жергиликтүү дыйкандардын катарында "Кумтөр" алтын казуучу компаниясы демилгелеген азык-түлүк коопсуздугу боюнча долбоорго катышкан. Инвестор 5 млн сом бөлүп, ал каражатка биринчи репродукциядагы "Безостая" буудай сортунун 170 тонна үрөнү сатып алынып, Жети-Өгүз районунун 19 айылынын тургундарынын ортосунда таратылган. Алгач алар үрөндүк буудайды берип, төртүнчү жылы продукттук буудайды берет. Үрөндү жалпы ар бир 134 дыйкан чарбасында 5-10 адамдан турган жер ээлеринин 34 тобу алды. Буудайды кайтаруунун шарттары пайдалуу – 1ге 1,5. Бир тонна алсаң, бир жарым тонна кайтарасың. Эреже катары, башка программаларды жүзөгө ашырууда дыйкандай өндүрүлгөн түшүмдү ½ катнашында беришет.

- Биздин аймактын 70% дыйкандары айыл чарбасы менен алектенишет. Өткөн жылы азык-түлүк коопсуздугу маселеси пайда болуп, бир кап ун эки миң сомго сатылганда буудайды эгүүгө кызыгуу жогорулады. Бул убакка чейин аз санда эгишчү. Пандемия чоң кызыгууну жаратты. Бул албетте туура. Кошуналардан продукция сатып алганча, өзүбүз эккенибиз жакшы, - дейт долбоорду ишке ашыруучу катары катышкан "Аймакты өнүктүрүү агенттиги" коомдук фондунун башкармалыгынын төрагасы **Талант Жапаров**. Үрөн алгандан кийин жер ээлери дээрлик 570 гектар айдоо жерге аларды себишти. Муну менен бирге, долбоор микрокредит берүү боюнча багыт менен коштолду. 2006-жылы «Кумтөр" тарабынан негизделген илгерки "Жети-Өгүз" микрокредиттик агенттиги программанын катышуучуларына солярка, жер семирткич жана башка үрөн себүү жана түшүм жыйноо иштерине байланышкан чыгашалар үчүн жылына 10%дык кредиттерди берет.



"Кошуналардан продукция сатып алганча, өзүбүз өндүргөнүбүз жакшы", - дейт "Аймакты өнүктүрүү агенттиги" коомдук фондунун башкармалыгынын төрагасы Талант Жапаров.

- Беш адамдан турган бир топ 8,6 тонна үрөн жана карыз катары 176 миң сом алышты, - деп мисал келтирди Талант Рыспекович.

Ал аба-ырайы ойдогудай, жаз жаандуу болуп, дыйкандар жакшы түшүмгө ээ болушат деп үмүттөнөт. Сугат суусу бул жакта тартыш. Дыйкандар алдын-ала төлөм жүргүзүшүп, жерлерин өз учурунда сугаруу үчүн кезекке турушат.

### Импортко көз каранды болуудан кутулуу

"Кумтөрдүн" аймактык өкүлү **Кеңешбек Дүйшөмбиев** азык-түлүк коопсуздугу маселесинен тышкары, инвестор бул долбоорду ишке ашыруу менен ири экономикалык натыйжага ээ болууну үмүттөнгөнүн билдирди.

- «Кумтөр» жергиликтүү дыйкандарга сапаттуу буудай үрөнүн берүү менен колдоо көрсөтүүнү чечти. Күзүндө болжол менен бир жарым миң тонна түшүм күтүп жатабыз. Бул районду өзүнүн продукциясы менен камсыздоо боюнча жакшы башталгыч. Жер ээлери кийинки жылга өздөрүн үрөндүк материал менен камсыз кыла алышат жана кошумча киреше булагына ээ болушат, - деп белгилейт Кеңешбек Дүйшөмбиев.

Ал алтын казуучу компания сунуш кылган шарттарда дыйкандар үчүн буудай өндүрүү ыңгайлуу деп ишенет. Аларда жоготуу коркунучу жок. Анын үстүнө, эгер адамдарда сырье болсо, аны иштетүүчүлөр дагы табылат. Мисалы, ири ун чыгаруу ишканасы Караколдо бар. Мына, ири көлөмдөрдү ала турган сатып алуучу дагы бар.

- Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн ушундай иштөө керек. Буудайды бир убактарда экпей калышкан. Себеби ун арзан болчу. Бирок импортко көз каранды болуу канчалык жаман экенин жашоо көрсөттү. Айыл чарбасы, эреже катары ар дайым дотацияда. Ошондуктан, өзүбүздүн өндүрүүчүлөргө колдоо көрсөтүү зарыл. Буудайды экпей коюу – бул туура чечим эмес. Мен биз туура багытта баратабыз деп ойлойм, - деп кошумчалады "Кумтөрдүн" аймактык өкүлү.



Үрөндөр өсүп калды, бир аз убакыт өткөндөн кийин күзүндө түшүмдүн кандай болору белгилүү болот.

### Алдыда кыла турган иш көп

Жалпысынан Сыргак Алиевдин беш адамдан турган дыйкандарынын тобу 29 гектар жерге үрөн себишти. Ар ким өзүнүн участогун карайт. Бирок иш-аракеттерди координациялап, жумушчу күчүн ижарага алуу, талаа иштери үчүн техниканы ижарага алуу, сугаруу менен алектенүү жеңилирээк дейт жер ээси. Эң "ысык сезондо" бир күндөгү жумуш бир жарым миң сом болушу мүмкүн. Бул убакыт али алдыда.

Айыл-чарбасы менен Сыргак 15 жылга жакын алектенет.

- Мурун буудайдын «Казакстан-10» деген сортун сепчүбүз. Ал катуу болгондуктан жыйноодо көп жоготууга учурайт. Ал эми "Безостая" жумшак жана жакшыраак. Деги эле Кыргызстанда сапаттуу үрөндөр азыр абдан аз. Ошондуктан биздин дыйкандар үчүн "Кумтөрдүн" долбоору чоң жардам, - деп эсептейт жаш дыйкан.

Учурунда дүйнө кыдырып, чет өлкөдө иштеп жүргөнүн, бирок туулган жерине кайтып келгенин билдирет. Себеби бул жер анын Ата-Мекени. Жүрөгү ар дайым туулган жерин самап турат. Ал айылда өскөндүктөн оор жумуштан качпайт.

- Эгер буудай жакшы каралса, түшүм дагы жакшы болот. Болгону сабырдуулук керек. Айыл-чарбасы кирешелүү бизнес жана кризис ага тоскоол боло албайт. Тескерисинче, кыйынчылык болгон учурда азык-түлүктүн баалары ар дайым жогорулайт, ал эми дыйкандын жана анын үй-бүлөсүнүн карыны ар дайым ток болот. Себеби аларды жер багат.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Мирлан КИМСАНОВ.**



Жаш фермер Сыргак Алиев жерди таликпастан, чыдамкайлык менен иштетсең ал сени ачка калтырбайт деп ишенет.

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУ ЭМНЕ ҮЧҮН “КУМТӨРДҮН” ЭКОЛОГИЯЛЫК ТӨЛӨМДӨРҮН ӨЗДӨШТҮРҮШПӨЙТ?

**2017-ЖЫЛДАН ТАРТА КАНАДАЛЫК ИНВЕСТОР КЫРГЫЗСТАНГА ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮ ҮЧҮН ЖЫЛ САЙЫН 3,7 МЛН ДОЛЛАРДАН КОТОРУП КЕЛЕТ. БУЛ КАРАЖАТТАРДЫН КАНЧА БӨЛҮГҮ АЗЫРКЫ МЕЗГИЛГЕ ЧЕЙИН ЭКОЛОГИЯГА САРПТАЛГАН? ЖООБУ – БИР ДАГЫ ТЫЙЫН САРПТАЛГАН ЭМЕС.**



Ысык-Көл районундагы жаңы тазалоочу курулуштарды куруу жана зарыл жабдыктарды алмаштыруу маселеси курч бойдон турат. Кумтөрдүн төлөмдөрү бул маселени чечет деген үмүт болгон.

## ТОКТОТУЛГАН СТАРТ

2017-жылдын сентябрь айында Кыргызстандын мурунку жетекчилиги канадалык өнөктөш менен түзүүгө жетишкен “Кумтөр” боюнча жаңы инвестициялык келишим республика үчүн көптөгөн пайдаларды алып келет деп айтылган.

Өлкө инвестор менен натыйжалуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатканда алтын казуучу компаниядан кошумча төлөмдөрдү тартуу боюнча позицияларын жакшыртууга мүмкүнчүлүгү болгонун эске сала кетели. Кеп көбүнчө жаңы жаратылышты коргоо фондун түзүү жөнүндө болуп жаткан. “Кумтөр” компаниясы уюмдун эсебине бир жолу 50 млн доллар которууга жана кен чыкчу жерди эксплуатациялоо мөөнөтү аяктаганга чейин жыл сайын 2,7 млн доллардан которууга милдеттенген. Каражатты алгач айтылгандай Ысык-Көлдүн мох баскан жана Совет доорунан тарта алмаштырууну талап кылган тазалоочу курулуштарын куруу жана реконструкциялоо үчүн жөнөтүүнү каалашкан. Мурунку премьердин колу коюлган Жаратылышты өнүктүрүү коомдук фондун түзүү жөнүндө токтому чыккан. Бирок ал бир күн дагы иштеген эмес. Кыргызстанда аткаруу бийлигинин катардагы алмашуусу менен эки тараптуу келишим кайрадан каралган. Бул жолу экс-премьер-министр Мухамедкалый Абылгазиевдин өкмөтү үчүн келишимди “кайрадан кароого” дээрлик бир жарым жыл талап кылынган. Экологиялык фондко жыл сайын которулчу сумманы компания миллионго жогорулаткан. Жаратылышты коргоочу уюм кагаз бетинде гана болгон 2017- жана 2018-жылдар дагы камтылган. Ошентип, 2020-жылдын башталышында алтын казуучу компания республиканын ички экологиялык маселелерин чечүүгө 61,1 млн доллар каражат которгон. Фонддун өкүлдөрү эл алдында фонддун ишке киргенин жана артыкчылыктуу долбоорлор тууралуу билдиришкен. Кечиктирилгис иштердин тизмесине Ысык-Көлдүн тазалоочу түзүмдөрүн модернизациялоодон тышкары таштанды таштоочу жайлар, сел коркунучу бар участокторго көчөттөрдү олтургузуу жана өлкөдө гелиоколлекторлорду орнотуу маселелери киргизилген. Бул эбегейсиз пландар аткарылган жок. Иш токтоп калды. 2021-жыл кирип келди. “Кумтөрдүн” Кыргызстандагы глобалдуу экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө арналган төлөмдөрү азыркы күндө дээрлик 65 млн долларга жетти. Бирок ушул күнгө чейин экологиялык тапшырмаларды чечүү боюнча бир дагы долбоор каржыланган жок. Себеби эмнеде?

## ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ АДАМДАР КӨП, БИРОК ЭЧ КИМ ЭЧ НЕРСЕ ҮЧҮН ЖООП БЕРБЕЙТ

Алгач чет өлкөлүк инвестор беш жыл бою миллион долларларды кимге которуп жатканын аныктай кетсек.

Алгач Жаратылышты өнүктүрүү фондунун уюштуруучусу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги болгон. Коррупциялык тобокелдерди жокко чыгаруу үчүн 13 адамдан турган конкурстук комиссия түзүлүп, ага мурунку вице-премьер Кубатбек Боронов жетекчилик кылган. Комиссиянын миссиясы Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы катчылыкка топтоо жана даярдоо тапшырылган перспективдүү жана керектүү экодол-




боорлорду тандоо болгон. Бул процессти тарапсыз байкоо беш адамдан түзүлгөн Байкоочу кеңешке тапшырылган (анын ичине өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү камтылган) жана ага агенттиктин директорунун мурунку орун басары Айткул Бурханов жетекчилик кылган.

Теорияда арыздарды кабыл алуу, тандоо жана каржылоо процедурасы так ушундай болгон. Бирок мунун тажрыйбада аткарылганын азыркы күнгө чейин эч ким билбейт.

Алгач каражат бөлүүгө байланыштуу татаалчылыктар пайда болгон (2019-жылга чейин жана 2019-жылы Кумтөрдүн миллиондору Финансы министрлигинин казынасына түшкөн жана топтолгон). Долбоорлорду пайызсыз каржылоо механизмин көпкө ойлоп таба алышкан эмес. Теорияда киреше алып келүүчү демилгелер үчүн каражаттар кайтаруу шарты менен берилүүсү керек болгон. Кийин коронавирустун көбөйүүсүнөн улам катуу карантин киргизилди. Ал эми азыр жаңы министрлердин кабинети түзүлгөндүктөн жана бийликтин системалары кайрадан уюштурулгандыктан Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги автономдуу орган катары эсептелбей калды. Анын функциялары Кыргызстандын Айыл-чарба министрлиги менен Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ортосунда бөлүштүрүлдү.

- 12-февралдан баштап биз уюштуруучусуз калдык. Кайсы ведомствого карай турганыбызды азырынча билбейбиз. Ошондуктан иш токтоп турат. Конкурстук комиссия дагы иштебей калды, - дейт Жаратылышты коргоо фондунун төрагасы **Улугбек Арстанбаев.**

Коомдук фондго качан иштин башталарын эч ким айта албайт. Алгач абалдын такталуусун, кимдин карамагында иштин жүргүзүлөрүн күтүү керек. Андан кийин долбоордук арыздар боюнча иштөө үчүн кайрадан конкурстук комиссияны түзүүгө туура келет... Б.а. баары баштан башталат. “Кумтөр” которгон ири сумма толук түрдө турат, - деп ишендирет жаратылышты коргоочу уюмдун башчысы.

Бир жактан алып караганда, бул миллиондордун кол тийбестиги жакшы жана эртеби, кечпи бул каражаттар башка маселеге же бюджеттин жетишсиздигин толтурууга багытталбастан, максаты боюнча сарпталуусуна кандайдыр бир кепилдик бар. Бирок, экинчи жактан алып караганда – убакыт өтүп бара жатат. Ал эми экологиялык маселелер чечилбей келет: эскилери тереңдөөдө, жаңы маселелер дагы пайда болууда.

Муну менен бирге, инвестор эч нерсеге карабастан өз милдетин аткарууну улантып келет. Албетте, азырынча бир тараптуу тартипте.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: gov.kg, Гульнура ДЖЕКШЕМБАЕВА.**

**Балыкчылыктар өндүрүш ишке киргизилгенден баштап “шамалдуу шаар” бадалдарга илинген целлофан баштыктардан жана жол четине ыргытылган бош баклажкалардан кутулат деп үмүттөнүшөт.**


Бир имаратта түзүм жайгашкан, экинчисинде жумушчулар тамактанышат жана эс алышат. Ал эми үчүнчү жай – сорттолгон таштандыны тизүүгө арналган.

# БАЛЫКЧЫДА ТАШТАНДЫНЫ СОРТТООЧУ ЗАМАНБАП ЗАВОД ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ


Шаардын полигонунун жанына таштанды сорттоочу комплекс ачылды.


Ишканада жалпы жети адам иштейт.

## Шаардын чоң таштанды таштоочу жайга айлануусун күтпөө керек

Бул максатка Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Жакшыртуу жана санитардык тазалоо” муниципалдык мекемеси эки жыл ичинде жетти. Кумтөр кен казуу жеринде алтын казуу менен алектенген инвесторго берилген долбоорду иштеп чыгууга жана бизнес-планды жазууга көп убакыт кетти. 2019-жылдын аягында долбоор жактырылып, компания аны жүзөгө ашыруу үчүн “Жергиликтүү бизнестин демилгелери” программасынын алкагында дээрлик 5,5 млн сом бөлгөн. Бирок пандемия башталгандыктан, абалга байланыштуу таштанды сорттоочу завод “шамалдуу шаарда” ушул жылдын январь айында гана ишке киргизилди.


Балыкчыдагы муниципалдык мекеменин директору Марат Таржиев жабдыктарды ишке киргизүү үчүн канчалаган кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келгенин эскерет.

- Бөлүнгөн грантка Россияда өндүрүлгөн жабдыктар сатып алынган. Алар чек аралар жабык болгондуктан кечигүү менен жеткирилди. Андан кийин орнотууда маселе жаралып, Россиядан адистерди күттүк. Жыйынтыгында онлайн-консультация алууга жана өзүбүз орнотууга туура келди, - деп эскерет балыкчыдагы муниципалдык мекеменин директору **Марат Таржиев**.

- Жыл сайын Балыкчы 17-18 тонна таштанды чыгарат. Ошондуктан жылына 20 тоннага чейин жеткен күчкө ээ линия тандалып алынган. Пластик, картон, металл жана айнек сорттолот. Прессtelgen “пайдалуу таштандыны” сатып салуу конкурсун Бишкектик «Пластик.KG» компаниясы утуп алды. Жергиликтүү бийлик бул жетишкендик менен чектелүүнү каалашпайт. Таштандыны сорттоочу заводдун жанына таштандыны кайра иштеттүүчү заводду куруу планы бар. Бул максат үчүн кайрадан инвестор издешүүдө.

- Долбоор муниципалдык мекеменин базасында алгачкы жолу мындай өндүрүш ачылуусу менен уникалдуу болуп саналат, - дейт Марат Молдогазиевич. – Биз 70ке жакын таштанды полигону жайгашкан биосфералык аймакта жашайбыз. Негизи анын санын 4-5ке чейин түшүрүү зарыл жана анын ар биринде таштандыны кайра иштетүү жана сорттоо боюнча өндүрүш орнотулушу керек. Эгер алдын-алуу иштери жүргүзүлбөсө, 50 жылдан кийин Ысык-Көлдө эмне болорун элестетиңиз. Экологиялык катастрофа коркунучу бар. Аймак чоң бир таштанды таштоочу жайга айланат... Ысык-Көлдүн бул шаарына мүнөздүү болгон катуу шамал жеңил целлофан баштыктарды бардык аймакка учурат, шаардык таштанды таштоочу жайдан 5 километр алыстыкта жайгашкан көлгө полиэтилен түшөт. Бардык таштандыларды жер түбүнө көмүү дагы туура эмес. Бул он жылдап чечүүнү талап кылган экологиялык көйгөй гана эмес. Эмне үчүн акчаны жерге көмүп салуу керек? Сорттолгон тиричилик таштандыларын экинчи сырьену алуу үчүн кайра иштетүүгө жиберүүгө болот.

## Ысык-Көл силерге рахмат айтат

Ишке ашырылган долбоордун алкагында шаарды жакшыртуу менен алектенген шаардык кызматтар пластикалык бөтөлкөлөрдү топтоо үчүн бактарды орнотушту. Балыкчынын мектептеринде жана бала бакчаларында кагаз жана пластика үчүн атайын идиштер коюлду. Өсүп келе жаткан муунга айлана-чөйрөгө акыл менен жана аяр мамиле жасоону үйрөтүү керек, - деп эсептейт Марат Таржиев.

Беш баланын атасы өндүрүштө эки кызматта иштейт – сорттоочу жана кароолчу болуп, - **Айдар Жалгаев** жетекчиликтин пикирине толугу менен кошулат.

- Эл акырындык менен түшүнүп бара жатат, бирок тартипти үйрөнүү үчүн дагы көп бар, - деп билдирет жумуш процессинен башын албаган Айдар. – Бул жакка жумушка орношкондон кийин үйдө дагы таштандыны сорттоочу болдум. Кошуналарыма дагы үйрөтүп жатам.

Таштанды сорттоочу комплекстин жумушчулары үчүн иш күнү 8ден 17.00го чейин созулат. Иш келишимдик негизде, эмгек акы жумуштун көлөмүнөн көз каранды болот. Ошентсе дагы, жети адам туруктуу иш менен камсыз болду жана үй-бүлөсүн бага алат.

Сорттоочу жана таңгактоочу машиналар орнотулган цехтен тышкары, аймакта дагы эки контейнер жайгашкан. Бирөөсүндө жумушчулар тамактанышат жана эс алышат, экинчисинде – даярдалган прессtelgen продукция тизилет. Күнүнө 2 тоннага чейин таштандыны сорттоого жетишишет.

- Кышында “пайдалуу таштанды азыраак, жайкы сезондо болсо бул цифра 4-5 тоннага чейин жогорулайт. 40 % чейин катуу тиричилик таштандыларын кайра иштеп чыгарууга болот, - деп белгилейт полигондун башчысы **Кылычбек Азимов**.

“Кумтөрдүн” салымынын натыйжасында шаар тазаланат, Ысык-Көл көлүнүн жалпы экологиялык абалы жакшырат, адамдар таза жерде жашай баштайт деп ишенет. Ал эми Балыкчынын ар бир жашоочусу жана аймакка келген ар бир конок тартипти колдоо үчүн аракет жасай турган болсо, жаратылыш терең дем алып, өзүнүн сулуулугу менен көз кубандырмакчы.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Мирлан КИМСАНОВ.**


Полигондун башчысы Кылычбек Азимов экологияны жакшыртууга кошкон салымы үчүн инвесторго ыраазычылык билдирет.

**Коронавирус пандемиясы Ысык-Көл аймагынын жашоочулары үчүн өздөрүнүн ишин ачууга тоскоолдук жарата алган жок. Колдоо бар болсо, бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө болот.**



# Кыргызстандыктар үчүн чын жүрөктөн: ЫСЫК-КӨЛДҮКТӨР МИКРОКРЕДИТТИК АГЕНТТИКТЕРДИН КОЛДООСУНДА ӨНДҮРҮШТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮШҮҮДӨ

Өткөн жыл бардык кыргызстандыктар үчүн оор жыл болду. Коронавирус пандемиясы учурдагы милдеттерди оорлоштурду, жаңы маселелерди пайда кылды жана коюлган максаттардын аткарылуусун убактылуу токтотту же тоскоол болду. Ошентсе да Балыкчы, Жети-Өгүз жана Тоң райондорунда "Кумтөр" компаниясынын колдоосунда түзүлгөн үч микрокредиттик агенттик өткөн жылда жыл бою үзгүлтүксүз иштеп, жергиликтүү жашоочулар үчүн өздөрүнүн ишин ачууга төмөнкү пайыз менен кредиттерди берди.

Өткөн жылга кылчайып кароо менен үч финансы мекемесинин өкүлдөрү пандемия жылында өздөрүнүн милдеттерин так аткарышканын ишенимдүү айта алышат. Жаңы долбоорлорду башташты, карыз алуучуларга кыйын учурда колдоо көрсөтүштү.

## ЖУМУШ ОРУНДАРЫНЫН САНЫН КӨБӨЙТҮҮ ҮЧҮН – ЖАРЫМ МИЛЛИОН

Республика боюнча жаңы объекттердин курулушу убактылуу токтогон жана тоңдурулган мезгилде Балыкчынын 42 жашар тургуну **Гүлназ Калыгулова** ага карабастан аракет кылууну чечкен. 2020-жылы ал жолдошу менен бирге (ал мамлекеттик түзүмдө иштейт) кароосуз калган имаратты ондоо иштерин баштаган. Үй-бүлө аны 8,5 сотых участогу менен сатып алып, имаратты 10 жумуш орду бар тигүү цехине айлантуу үчүн 2 млн жеке каражатын сарптаган. Азырынча өндүрүштө сегиз тигүүчү иштейт, алар шейшептерди жана пледдерди тигишет. Убакыттын өтүүсү менен продукциянын түрү дагы көбөйөт: уздар белекке берүүгө арналган торчолуу шейшептердин топтомун, жууркан жана кыргыз төшөктөрүн тиге баштаашат, - деп Гүлназ пландары менен бөлүштү. Табигый жогорку сапаттуу буюмдар дүнүнөн гана сатылат.

- Бир айда азырынча 100гө чейин шейшептердин комплектин тигебиз, бирок коронавируска байланышкан абал аяктагандан кийин андан көбүрөөк тигүүгө аракет кылабыз, - дейт жергиликтүү ишкер.

Азыр Гүлназ жылдын башында кошумча 10 жумуш ордун ачууга, жабдыктар, кездемелер жана фурнитура үчүн алган 500 миң кредитти төлөөдө.

Жарым миллионду "Балыкчы Финанс" микрокредиттик агенттиги үч жылга жылына 12% менен берген. Балыкчынын тургуну финансы мекемесинин туруктуу кардары болуп калган. Алгачкы кредитин, 250 миң сомду дагы бизнесин өнүктүрүү үчүн алган – жол боюндагы кафени жайкы сезондо иштеткен. Карызын мөөнөтүнөн мурда төлөгөн, карыз алуучунун кредиттик тарыхы идеалдуу болгондуктан кийинки сумманы берүүдө эч кандай маселе жаралган жок.

- Долбоордун концепциясын иштеп жатып, биз коммерциялык банктарга кайрылдык, шарттарды салыштырдык. "Балыкчы Финанста" эң пайдалуу шарттар бар экенин көрдүк. Башка коммерциялык банктарда кредит боюнча ставка 28%дан жогору, - деп түшүндүрөт цехтин ээси. Ал үчүн бардык пайдаларды жана тобокелдерди эсептеп чыгуу маселе эмес. Кесиби боюнча Гүлназ бухгалтер. Бир нече жыл үйдө жаш балдары менен олтурган. Алар чоңойгондон кийин өзүнүн иши менен алектенүүнү чечкен. Өндүрүштү баштоо идеясын агасы айткан. Имарат болгондон кийин ал эмнеге бош туруусу керек?




Даяр продукттардын сапатын Гүлназ Калыгулова өзү текшерет.

Гүлназ цехке жакын жашаган жергиликтүү аялдарды жумушка алат. Балыкчынын кесиптик окуу жайынан практиканттарды тажрыйбадан өтүүгө кабыл алат. Жумушчулардын жашы 18ден 45ке чейин.




Балыкчыдагы тигүү цехинде шейшептердин комплекти тигилүүдө.

- Пандемия учурунда бул жерде көптөгөн адамдарга жумуш керек, - дейт тигүүчү **Айнура Малабекова**. – Ошондуктан Гүлназ мени цехке чакырганда, ойлонуп олтурган жокмун. Балдарым чоноюп калган. Ар кимисинин өзүнүн жашоосу бар. Мен болсо эми эрикпейм. Киреше алып келген ишим дагы бар.

Балыкчылык эмгекчи аялдар коронавируска байланыштуу абал буйрутмаларды аткарууга жана акча табууга тоскоолдук кылбашын үмүттөнүшөт. Анын үстүнө бизнестин ээсинин келечекке чоң пландары бар. Гүлназ ошондой эле наабайкана ачууну көздөөдө. Бул анын аракети менен "шамалдуу шаарда" кошумча жумуш орундарынын ачыларын билдирет.



"Балыкчы Финанс" МКА директору Букар уулу Руслан микрокредиттик агенттик колдоо көрсөткөн долбоорлор менен сыймыктанат.

- Бул биздин микрокредиттик уюмдун негизги тапшырмаларынын бири, - деп билдирет "Кумтөрдүн" жаңылыктары" басмасына берген интервьюсунда "Балыкчы Финанс" МКА директору **Букар уулу Руслан**. – 2012-жылдан баштап "Кумтөр" компаниясы тарабынан 15 млн сом капитал менен түзүлгөн агенттик кредиттик портфелин 62 млн сомго чейин жеткирди. Балыкчылыктар бизден 50 минден 500 миң сомго чейин жылына 12%дык кредиттерди өндүрүштү жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн алыша алат. Биз экологиялык та-



Жаш кондитерлер Алишер менен Перизат жеке ишин өнүктүрүүнү чечишти.



Кожойке нанды чоң энесинин рецеби менен бышырат.

за сүт азыктарын, кымызды, балды өндүрүү боюнча долбоорлор менен сыймыктанабыз. Ар бир кредит алуучунун кредиттик тарыхы кылдаттык менен текшерилет, ошондуктан каражатты кайтарууда маселелер жаралбайт. Өткөн жылы, Улуттук банктын сунушу менен кардарларыбыздын кредитти төлөө мөөнөтүн үч айга жылдырдык.

МКА адистери кредит алуучулардын ийгиликтерине көз салып турушат. Зарыл учурда кеңештерин беришет. Кредиттик каражаттар дээрлик 100% кайтарылат.

## ЧОҢ ЭНЕМДИН НАНЫНДАЙ ЖЫТТУУ НАН

Тоң районунун жашоочуларына кредиттерди жеңилдетилген шартта берген "Тоң Финанс" микрокредиттик агенттиги дагы башка бир ийгилик менен сыймыктана алат. Өткөн жылы МКА кондитердик цех үчүн өндүрүштү кеңейтүү жана атайын жабдыкты сатып алууга 350 миң сом берген. Өндүрүштү Бишкектен Бөкөнбаев айылына көчүп барган жаш үй-бүлө уюштурган. Мурун алар белгилүү кондитердик ишканада иштешкен. Ошол эле багытта аракет кылууну чечишкен. Болгону эми өз алдынча.

2020-жылы кондитерлер нан, лепешка жана май токоч бышырган өздөрүнүн цехин ачышкан. Цехтин ээси **Перизат Жантөриева** жакында айылдаштарын өзгөчө продукция менен таң калтырууну көздөөдө. Продукциянын түрүнө ишкер круассандарды жана Европада таанымал "Синнабон" булочкаларын кошууну каалайт. Нанды Перизат чоң энесинин рецеби боюнча экологиялык таза азыктардын негизинде бышырат. Ал абдан даамдуу болот. Себеби камырды жасоодо аны машина гана жасабастан, бышыруудан мурун Перизат сөзсүз өз колун тийгизет.

- Биз баарыбыз Перизаттын нанын сатып алабыз, - деп жылмаят "Тоң Финанс" микрокредиттик компаниянын кредиттик адиси **Амантур Солтоев**. Нан азыктарын алар жергиликтүү дүкөндөргө тапшырышат, Кажы-Сай, Жети-Өгүз айылдарына жана Караколго жеткирүүнү уюштурушууда жана андан да кеңейүүнү кыялданышууда. Кредит алуучулардын ийгиликтүү болушуна биздин кубанычыбыз жок.

Цехтин ээси **Алишер Абдуллаев** төрт бала менен айылга келгенден кийин жубайлар мал чарбасы менен алектенишкенин баяндайт. Эми чарбаны карыган ата-энеси карап, ал эми кондитерлер өздөрү баш оту менен сүйүктүү ишине берилишкен. Сезондо миңге чейин нан бышырышат! Алтын түстүү кекстер жана жумшак булочкалар көбүрөөк суроо-талапка ээ. Үй-бүлөнүн өндүрүшүндө сегиз адам иштейт. Ошого, жаш технологдор өздөрү гана иштебестен, айылдаштарын дагы жумуш менен камсыз кылышат.

- Бизде бул сыяктуу ийгиликтүү мисалдар абдан көп, - деп кошумчалайт микрокредиттик компаниянын өкүлү. – Өткөн жылдын аягында, мисалы, бир кредит алуучу коомдук мончонун курулушуна 400 миң сом алды. Бул үй-бүлө дагы борбордон айылга көчүп келген. Үй-бүлөнүн кожоюну Эрмек Шамыркановдун алтын колдору бар. Кредиттик каражатты акыл менен сарпташты. Курулуш материалдарын гана сатып алышты. 16 адамга эсептелген мончону ал өзү салды. Үйүнүн жанына эмерек жасоочу цех жана унаа жуучу жай ачууну көздөөдө.


"Тоң Финанс" микрокредиттик компаниясы айыл-чарбасы, өнөр-жай, кызмат көрсөтүү жана соода тармагындагы фермерлерге жана жеке ишкерлерге арзан кредиттерди берет. МКА кредиттик портфели 87 млн сомду түзөт. 2020-жылы агенттик 58 млн сомго долбоорлорду каржылады жана жылды жүз пайыздык кайтарым менен жапты. Ал эми бул жылдын январынан баштап 14,7 млн ашык кредиттерди берди.

"Тоң Финанстын" арзан кредиттеринин натыйжасында туризм дагы өнүгүүдө. Пандемияга карабастан Ысык-Көл облусунда конок үйлөрү көбөйүүдө. Өткөн жылы убактылуу токтотулган курулуш кайрадан башталды. Жаныңда ишенимдүү өнөктөштөр болгон учурда, өз күчүңө болгон ишеним күн сайын өсөт!

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Мирлан КИМСАНОВ.**



"Тоң Финанс" МКА кредиттик адиси Амантур Солтоев кредит алуучулардын ийгиликтери тууралуу баяндайт.




Бөкөнбаев айылындагы коомдук мончодо бардык шарттар бар. Кожоюну, жергиликтүү жашоочу Эркин Шамырканов баарын өз колу менен жасаган.

**Ысык-Көл облусунда “Кумтөр” компаниясынын каржылоосунда тигүү бизнесине колдоо көрсөтүү боюнча программа ишке ашырылды. Көлөмдүү долбоордун катышуучулары кошумча жумуш орундарын түзүү менен бирге, өндүрүштөрүн кеңейтүү жана ири россиялык импортерлордун туруктуу буйрутмаларын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.**



“Кумтөр” тарабынан бөлүнгөн грантка тигүү цехтери үчүн заманбап жабдыктар сатып алынган.

# «КЫРГЫЗСТАНДА ЖАСАЛГАН»: ЫСЫК-КӨЛДҮК ТИГҮҮЧҮЛӨР

“Кумтөр” компаниясы бул долбоорду өткөн жылдын башында колдоого алды. Анда долбоорду ишке ашырууга Борбор Азиядагы ири алтын кенин казуучу инвестор 8,2 млн сомдон ашуун каражат бөлгөн. Бул каражатка Ысык-Көл облусунун Тоң жана Жети-Өгүз райондорунда жеңил өнөр-жайды өнүктүрүү боюнча программанын 143 катышуучусуна семинарлар өткөрүлүп, тренерлердин кылдат жетекчилиги менен 26 бизнес-долбоор иштелип чыккан. Катаал тандоолордун жыйынтыгында уюштуруучулар 11 тигүү цехин колдоп, аларды зарыл болгон заманбап жабдыктар менен камсыз кылышты. Төрт кичи ишкана азыркы күндө тигүү продукциясын Россияга экспорт кылуу буйрутмаларын алышууда жана мунун натыйжасында бул өндүрүштө иштеген ар бир адамда келечек үчүн ишеним пайда болду.



**Тоң районунун Кара-Тоо айылындагы ишкананын ээси Эльмира Исмаилова алгач ийгилигине ишенген эмес – баары жомок сыяктуу болгон.**

### ЖЫЛ БОЮ ТОКТОБОГОН ЖУМУШ!

Бир жарым жыл мурун төрт аялдын тигүү машиналары менен тар бөлмөдө иштеген жана нан алууга араң жеткен кирешени өз ара бөлүшүшкөнүн Тоң районунун Кара-Тоо айылындагы тигүү цехинин ээси **Эльмира Исмаилова** эскерет: “Мунун баары башка жашоодо болгон”. – Биз толстовкаларды тикчүбүз жана ар бири үчүн 50 сомдон алчубуз. 35 сомун тигүүчүлөргө берип, акчанын бир бөлүгүн партияны “Дордойго” жөнөтүүгө коротсом, калганын өзүмө алып калчумун, - дейт.

- Бирок кирешенин аздыгы бул эң жаманы эмес. Каражат жок дегенде нанга жетсе болду эле. Баарынан коркунучтуусу такыр каражатыбыз жок калганы эле. Тигүү бизнесинде бир жыл бою такыр буйрутмалар болгон жок. Ошондуктан тигүүчүлөр айла жок кийинки сезонго чейин жана буйрутмалар түшкөнгө чейин өргүүгө чыгышты. “Инсан мууну” коомдук фонду долбоорун жүзөгө ашырууга жардам берген “Кумтөр” компаниясынын аракетинин натыйжасында ысык-көлдүк тигүүчүлөрдө келечекке болгон ишеним пайда болду.

- Ысык-Көл облусунун айылдарынын жашоочулары аз эмгек акы үчүн иштеп, буйрутмаларды тигишип жана өздөрүнүн эсебинен буйрутмаларды Бишкекке жөнөтүшүп келген. Мындай шартта кошумча салымдарды жана күчтү талап кылган кеңейүү жөнүндө сөз дагы болмок эмес, - дейт долбоордун бизнес-консультанты **Елена Лаврик.**

“Кумтөр” тарабынан колдоого алынган демилге жергиликтүү тигүүчүлөргө эмгек акыны көбөйтүүгө жана өндүрүштү кеңейтүүгө гана мүмкүнчүлүк бербестен, жаңы деңгээлге чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Кыргызстандык уздар менен алдыңкы россиялык буйрутмачылар келишимдерди түзө башташты. Бул сезондук иштен туруктуу ишке айланганын билдирет. Эми Кара-Коо айылындагы тигүүчүлөр бир ай мурун буйрутмаларды ала башташты! Бир партияны аякташып, дароо экинчи партияны тигүүгө киришишет жана жылы бою ушундай!

- Мага мындай мүмкүнчүлүктөр тууралуу айтышканда, мен үчүн жомоктой эле болгон. Акырына чейин ишенген эмесмин. Жумуш башталып, аны бир жеңгө салгандан кийин гана ишибиздин оңунан чыкканын түшүндүм. Жумуш орундарынын санын төрттөн онго чейин жогорулаттык, жеткирип берүүнү жолго койдук. Азыр катардагы ири буйрутманын үстүндө иштеп жатабыз. Россиялык буйрутмачы үчүн дээрлик 3 миң футболка тигишибиз керек, - деп Эльмира ийгиликтери менен сыймыктанды.



**Жеңил өнөр-жай тармагынын бизнес-консультанты Елена Лаврик долбоордун айылдык уздардын потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жардам бергенин айтып берди.**

Ал тигүү өндүрүшүнүн технологу. Дээрлик 40 жылдык тажрыйбасы бар. Бирок кирешелүү бизнестин ийгиликтүү ээси болорун эч качан ойлоп көргөн эмес. Кокусунан эле, көптөгөн мүмкүнчүлүккө ээ долбоорго катышуу. Ишкананын жетекчиси катары квалификациясын жогорулатуу. Кирешенин өсүүсү. Жаңы деңгээлге чыгуу. Ал мындайды кыялданган дагы эмес!

- Биздин идеябыз заманбап жогорку өндүрүмдүү тигүү машиналарын таратуу жана долбоорду жабуу гана эмес болчу, - дейт Елена Лаврик. Программанын жеңүүчүлөрүн алардын мурун түзгөн цехинин күчү жана өнүгүү потенциалын эске алуу менен тандадык. Тигүүчүлөрдү ылдам жана сапаттуу тигүүгө үйрөттүк, ал эми ишканалардын ээлерин туура жана натыйжалуу башкарууга окуттук. Долбоор аяктай элек, бирок бүгүнкү күндө биз койгон максаттарыбызга жеттик деп айта алабыз.

Ага катышуу үчүн жалпы 200 арыз түштү. Жыйынтыгында уюштуруучулар инвестор бөлгөн каражатка ылдам жана сапаттуу тигүү үчүн 80ге жакын заманбап тигүү машиналарын сатып алышып, кошумча 60 жаңы жумуш орундарын пайда кылышты. Ошондой эле ири россиялык буйрутмачылар менен кызматташууга жол ачып, үзгүлтүксүз иштөөгө жардам беришти. Эң негизгиси, долбоор жумушка орношуу маселесин чечүүгө мүмкүнчүлүк берди. Эми айылдык аялдар өздөрүн жана үй-бүлөлөрүн багуу үчүн башка өлкөгө кетүүгө мажбур эмес. Кичи мекенинде дагы иштөөгө жана жакшы каражат табууга болот экен. Негизгиси, ылдам жана сапаттуу тигүү. Ал эми айылдык тигүүчүлөрдү жалкоолук жана жумушка болгон жоопкерчиликсиздик менен айыптай албайсың.

### ЭРТЕҢКИ КҮН ҮЧҮН ИШЕНИМ

Аялдардын кийимин тигүү боюнча эң чоң цех ушул долбоордун натыйжасында Жети-Өгүз районунун Саруу



Долбоордун жүзөгө ашырылышы менен биринчиден, ар бир ишканада кошумча жумуш орундары ачылды.

# ЭКСПОРТКО ЧЫГЫШУУДА!

айылында ийгиликтүү иштеп келет. Бул жерде ишкананын кызматкерлери буйрутмачынын бекиткен үлгүсү боюнча моделдерди өздөрү бычышат жана тигишет, жада калса Кызыл-Суу жана Тамга айылындагы үйдө тигип иштеген тигүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылышат. Ишкананын өзүндө 27 жумуш орду түзүлгөн.



Жазгүл Саякова Кыргызстанга Россиядан кайтып келгенине өкүнбөйт – айылда дагы жакшы акча табууга болот.

Цехтин ээси – 42 жаштагы тигүү өндүрүшүнүн технологу **Жазгүл Саякова** – Москвада бир нече жыл иштеген жана жумуш берүүчүсүнүн чакыруусу боюнча жолдошу жана балдары менен көчүп барган. 2017-жылы үй-бүлөсү менен Кыргызстанга карыган ата-энесин кароо үчүн кайтып келген. Эртеңки күнгө болгон тынчсыздануу жана ишенимсиздик азыркы күнгө чейин Жазгүлдүн эсинде.

- Жумуш жок болчу, бирок өзүңдү жана балдарыңды багыш керек эле, - деп эскерет жаш ишкер. – Ошондо бир сындырым наны жок калбоо үчүн башка кыздар менен биригип, буйрутма боюнча даяр бычылган кийимдерди тиге баштадык. Киреше көп эмес болчу, жашоого араң жетчү.

Чыныгы мүмкүнчүлүктөр “Кумтөр” менен “Инсан мууну” коомдук фондунун биргелешкен фондуна катышууда пайда болду. Биринчилерден болуп алты тигүүчүгө өндүрүш аймагы катары кызмат кылган кичинекей бөлмөнү өздөрүнүн күчү менен кенен жайга айлантышты. Цехтин кеңейүүсүнө үй-бүлөсүнүн башчысы колунан барды гы келген Эрмек жардам берди.

- Биздин кеңири жайыбыз болгону үчүн долбоорго катыша алдык жана кошумча тигүү жабдыктарын сатып алууга жана жумуш орундарын жогорулатууга грант утуп алдык, - дейт Жазгүл. Алар россиялык өнөктөштөрүнүн буйрутмасы боюнча көйнөктөрдү жана блузкаларды тигишет. Бир айда үч миңге чейин өнүм тигишсе, мурун миңди араң тигишчү. Кенен, жарык жана жабдылган цехке жумушка орношууга каалагандардын саны абдан көп. Практиканттар келишет. Аларды кубануу менен тосуп алышат, үйрөтүүгө убакыттарын аяшпайт. Себеби өздөрү үчүн дагы кадрларды тарбиялоо жана өстүрүү керек. Талаптануучулардын арасында таптакыр башка чөйрөнүн адистери дагы бар.

- Мугалимдик кесип абдан кадырлуу жана маанилүү, бирок эмгек акы абдан аз, - дейт башталгыч класстардын мугалими **Эльнура Өмүралиева**. Ошондуктан ал тигүү ишканасына иштөө үчүн келген. Үтүкчү катары жумушка алышкан. Жаңы жабдыктар сатып алынгандан кийин иштөө жеңилдегенин моюнга алат. Күнүнө жүздөн ашык көйнөк үтүктөйт. Татыктуу эмгек акы берилет. Студент кызын багууга дагы жетет.

- “Кумтөр” бизге андан ары өсүү үчүн жакшы старт берди, - дейт цехтин ээси. Өндүрүштү кеңейттик, ири буйрутмаларды аткаруу үчүн ылдам жана сапаттуу иштөөнү үйрөндүк.

Эң негизгиси – туруктуулук пайда болду. Татыктуу киреше алабыз. Качандыр бир кезде жоготкон эртеңки күн үчүн ишеним пайда болду. Ишиңден ырахат алууну сөз менен жеткирүүгө болбойт. Кылган аракеттерин жана эмгектериң башкалар үчүн дагы пайдалуу болгон жана бааланган учурда андан өткөн ырахат аласың.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Мирлан КИМСАНОВ.**



Башталгыч класстардын мугалими Эльнура Өмүралиева эмгек акынын аздыгынан кесибин таштаган. Азыркы эмгек акы аны канааттандырат.

## ҮЙ ФЕРМАСЫНДАГЫ «ЭКЗОТИКА»:

# ЖЕТИ-ӨГҮЗДҮКТӨР КЫРГООЛ БИЗНЕСИН ӨЗДӨШТҮРҮШҮҮДӨ



Кыргоол кам көрүүнү көп талап кылбайт.

**Жети-Өгүз районунун Барскоон айылында аймактын био көп түрдүүлүгүн сактоо жана браконьердикке каршы күрөшүү үчүн демонстрациялык кыргоол өстүргөн жай түзүлдү. Бул уникалдуу фермага "Кумтөрдүн" жаңылыктары" дагы өз көзү менен күбө болуп кайтышты.**

### КЫРГООЛДОРДУН КОНОГУ БОЛУУ

Катуу чыккан үн айыл тынчтыгын бузду. Аймакта адамдардын тобу пайда болгондо тынчсызданган канаттуулар канаттарын каккылап, жабык капастардан учуп чыгууга аракет кылышат. Алардын ар биринин бутунда катар номери жазылган билерик жүрөт.

- Мобул кыргоолдун корозу негедир дайыма кыйкыра берет, калгандары үндөшпөйт, - деп айтты фермер Талант Шергазиев өзүнүн кыргоол чарбасы менен бизди тааныштырып жатып. – Ар бир секцияда алтыдан кыргоол бар. Жалпы 50 канаттуу бар. Ачык күрөң түстүүлөрү ургаачылар, сулуу жана ачык түстүүлөр – короздор. Өзгөчө кам көрүүнү талап кылышпайт. Күнүнө эки жолу жем берүү жана таза суу берүү гана маанилүү. Капастардын канчалык таза экендигин байкадыңыздарбы? Кыгы дээрлик көрүнбөйт. Булар тооктордой эмес.



Талант Шергазиев кесиби боюнча эколог. Экологиялык тапшырмаларды чечүү ал үчүн жаңылык эмес.

Жумушту Талант өзү жасайт. Семиречье кыргоолу – коркок, адамдарга көнө бербейт. Кыргоолдун рациону жүгөрү, арпа, алма жана буудайдан турат. Ар бир секцияда эки суу куйгуч жана уя орнотулган. Анда кыргоолдор күн сайын 2-3төн жумурткалашат. Жумурткалар көлөмү боюнча бөдөнүкүнөн бир аз чоң жана оор болот. Инкубатордо жумуртка 26 күндө ачып чыгат. Биринчи балапандар апрелдин ортосунда келет. Канаттууларды өстүрүү - Central Asia Prospects коомдук фондунун катышуусунда жана "Кумтөр" компаниясынын финансылык колдоосунда ишке ашырылган долбоордун негизги максаты.



Ар бир секцияда алтыдан кыргоол жайгаштырылган: беш ургаачы жана бир короз.



Алардын суулары күнүнө эки жолу алмаштырылат – бул кыргоолдорду багуунун милдеттүү шарты.



Кыргоолдун жумурткасы бөдөнөнүн жумурткасынан бир аз чоң болот жана жогору бааланат.

### БАГУУ ЖАНА ЭРКИНДИККЕ КОЁ БЕРҮҮ

3 млн 844 миң сом турган бул долбоор Жети-Өгүз районунун Барскоон айылында өткөн жылдын жай мезгилинде иштей баштады. Биринчи этапта өнөктөштөр кыргоол багуучу жай ачууга мүмкүн болгон фермердик чарбанын аймагын тандашты. Жергиликтүү жашоочу Талант Шергазиев кокусунан тандалган жок. Кесиби боюнча ал эколог, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү. Кесиби боюнча 11 жылдан бери иштейт. "Каракол" улуттук жаратылыш паркынын рекреациялык участогунун жетекчиси катары кесиптик жолу башталган. Кичи жана ага илимий кызматкер болуп иштеген. Ошондуктан, экологиялык маселелерди чечүү ал үчүн жаңылык эмес. Талант Шергазиев анын үстүнө долбоордун дагы бир өнөктөшү – катышуучуларды издөө жана тандоо менен алектенген "Ата-Журт Мурасы" коомдук фондунун өкүлү болуп саналат. Фонддун статусу ар бир каалоочуга кыргоолдорду багуу жана өстүрүү тууралуу көбүрөөк билүү үчүн Барскоондогу демонстрациялык аянчага кирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

2020-жылы башталган кыргоол багылчу жайдын курулушу жылдын аягында аяктап, бир ай мурун фермер Чүй облусунан 50 канаттууну алган.

- Долбоордун негизги максаты - Ысык-Көл облусундагы био көп түрдүүлүктү сактоо, кыргоолдун санын көбөйтүү жана Жети-Өгүз райондорунун айылдарында фермердик кыргоол чарбаларын түзүү, - деп түшүндүрөт. Жыл сайын биз 50 канаттууну эркиндикке коё берүүгө милдеттүүбүз. Андан тышкары чоңоюп калган балапандарды өстүрүү үчүн башкаларга беребиз.

Жаратылышты коргоо долбоорунун алкагында 50 жетиөгүздүк тургун эки күндүк тренингден өтүшкөн. Алардын ичинен 10 адам – кичи гранттар программасынын жеңүүчүлөрү тандалат. Канаттууларды, жабдыктарды жана жемди сатып алуу үчүн каражаттарды канаттууларды өстүрүү үчүн эң ылайыктуу шарты жана кыргоол багуу ишине каалоосу күчтүү адамдар алышат. Тажрыйбалык сабактар дагы болот: демонстрациялык кыргоол багуучу жайда канаттууларды кантип багуу көрсөтүлөт, кыргоолдорду өстүрүү боюнча консультациялар берилет.

Долбоордун дагы бир максаты бар. Биргелешкен аракеттин натыйжасында өнөктөштөр браконьерликди жана жаратылышта кыргоолдордун атылуусун кыскартууну үмүттөнүшөт. Кыргоолдорду өстүргөн фермерлер жумурткаларды (бир жумуртканын баасы – 100 сом!) жана үй канаттуусунун этинен пайдалуулугу жана даамы боюнча басып өткөн кыргоолдун этин мыйзамдуу негизде пансионаттарга жана ресторандарга сата алышат. Демек, туруктуу долбоор дароо эки тапшырманы аткарууга мүмкүнчүлүк берет: аймактын био көп түрдүүлүгүн сактоо жана жергиликтүү жашоочулардын турмуштук абалын жогорулатуу.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Мирлан КИМСАНОВ.**

ТҮЗДӨН ТҮЗ

### «Чоң кызыгуу, чоң үмүттөнүүлөр бар»



"Кумтөрдүн" аймактык өкүлү долбоордон чоң жыйынтыктардын күтүлгөнүн билдирди.

- Кыргоол бизнеси – Жети-Өгүз районундагы салттуу мал чарбасы жана айыл чарбасы менен алектенген фермерлер үчүн айыл чарбасындагы толук жаңы багыт, - деп пикирин билдирди "Кумтөрдүн" аймактык өкүлү **Кеңешбек Дүйшөмбиев**. – Долбоордун башталышынын алдында КР Улуттук илимдер академиясынын орнитологу экологиялык пайдалуулугун жана табигый жараталышта кыргоолдордун табигый түрдө санынын өсүү эффектин эсептеп берди. Муну менен бирге, демилгенин автору - Central Asia Prospects коомдук фонду – жаңы багытты бизнестин рентабелдик түрү катары кароодо. Ушул этапта эле айылдыктардын чоң кызыгуусу бар экенин байкадык, ошондуктан долбоордон көп нерсени күтүп жатабыз.

# «КУМТӨРДӨГҮ» ДАТТАНУУЛАРДЫ КАРОО ТАРТИБИ

«Кумтөр Голд Компани» улуттук жана эларалык нормаларды сактап, жергиликтүү жамааттар менен жакшы алакада болууга абдан умтулат. Ошентсе да, Кумтөрдөй чоң ишканада маал-маалы менен даттануулар пайда болуп турат. Биз кызматкерлерибизге кам көрүп, бардык негиздүү даттанууларга толук жана жеткиликтүү жооп берүүгө аракеттенебиз.

Бардык даттануулар адилеттүү каралышы үчүн компанияда бекем тартиптеги процедура колдонулат:

## 1. ДАТТАНУУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

Наразычылыктар жана даттануулар электрондук жана жөнөкөй кат, телефон аркылуу, жеке жолугушуу учурунда же башка түрдө билдирилет. Даттануу катталгандан кийин жообу көпчүлүк учурда 30 күн ичинде берилет.

## 2. КАТТОО ЖАНА ТАСТЫКТОО

Кумтөрдөн даттануучуга даттануунусу кабыл алынганын тастыктаган өзгөчө номуру бар баракча берилет. ***Даттануучу номурун алгандыгын тастыктоо үчүн баракчага колун коюшу абзел.***

## 3. АЛДЫН АЛА БАА БЕРҮҮ

Даттануунун олуттуулугуна жана тиешелүүлүгүнө баа берилет. Иликтөө жана иликтөө жүргүзүүгө жоопту тараптар дайындалат.

## 4. ИЛИКТӨӨ

Даттануу иликтенип, негиздүү же негизсиз экени такталат. Даттануу негиздүү деп табылса, конфликтти чечүү жолдору аныкталат.

## 5. ЖООП

Иликтөөнүн натыйжасын кыскача баяндаган жана конфликтти жоюу жолун сунуштаган жооп жөнөтүлөт. Даттануучу жоопко колун коюшу абзел. ***Бул даттануучунун сунуш кылынган чечимдер менен макул болгондугун билдирбей, жоопту алгандыгын гана тастыктайт.***

Жооптор компаниянын катасы бар экендиги, компаниянын жол-жоболоруна өзгөртүүлөр киргизилгендиги жана кээ бир учурларда, кандайдыр бир компенсация төлөнөөрү жөнүндө маалымат камтышы мүмкүн.

Даттануучу ЫРААЗЫ болсо

Даттануучу НААРАЗЫ калса

## 6. КАЙРА КАРОО ЖЕ АПЕЛЛЯЦИЯ

Башка мүмкүн болгон чечимдер сунушталат.

**ДАТТАНУУНУ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ҮЧҮНЧҮ ТАРАП КАРАП ЧЫГЫШЫ МҮМКҮН**

Конфликтти жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

## 7. ДАТТАНУУ ИЙГИЛИКТҮҮ ТҮРДӨ ЧЕЧИЛДИ

Даттануучу сунушталган чечимдердин бирине макул болду.

## 8. ДАТТАНУУНУ ЧЕЧҮҮ

Макулдашылган чечим ишке ашырылат.

**ДАТТАНУУ ЖАБЫЛАТ**

Конфликт жоюлду.

INFO@KUMTOR.COM

0800 223 23 23
0312 90 07 07

KUMTOR КУМТОР



Мурдагы жылы гана бала бакчада, акыры балдар аянтчасы пайда болду!



Оргочор айылындагы балдар аянтчасына бөбөктөр жана өспүрүмдөр келишет. Алардын ар бири бул жерде көңүлдүү убак өткөрө алышат.

**"Кумтөрдүн" өсүп келе жаткан муунга колдоо көрсөтүүгө багытталган социалдык долбоору үчүн ураан ойлоп табуу керек болсо, ал так ушундай болмок. Компания өлкөнүн жаркын келечеги болгон балдарга жана жаштарга көңүл буруу канчалык маанилүү экенин өзүнүн мисалында көрсөтөт.**

# БАЛДАРГА КУБАНЫЧ ТАРТУУЛАҢЫЗ!



Кубанычка чек жок!

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАР ҮЧҮН БЕЛЕК

Мамлекет тилекке каршы тигил же бул объективдүү же ойдон чыгарылган себептерден улам ар дайым толук түрдө келечекке кам көрө албайт. Ошондо жардамга социалдык жактан жоопкерчиликтүү компаниялар келет. Алар үчүн балдарга инвестиция кылуу абдан маанилүү, жоопкерчиликтүү жана перспективдүү деп эсептелинет.

Мунун бир мисалы – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тилекмат айылында мектепке чейинки курактагы балдарга арналган балдар аянтчасынын ачылуусу. Балдар бакчасы 2015-жылы колхоздун башчысынын мурунку үйүндө коомдук фонддордун биринин колдоосунда ачылган. Анын аракети менен суу боюнча маселе дагы чечилген. Жергиликтүү жашоочулар таза сууну түшкө чейин гана ала алышат. Демөөрчүлөр мектепке чейинки мекеме үчүн көлөмү тонналык резервуар сатып алышкан. Күндүн биринчи жарымында резервуар сууга толтурулат жана аны күнү бою колдонушат. Муниципалдык бала бакчанын башка көйгөйлөрү дагы бар. Балдар үчүн эмеректер дагы зарыл – кичине стулдар жана столдор. Балдар чоң столдордо тамактанууга, сүрөт тартууга жана кол менен буюмдарды жасоого мажбур. Балдардын салтанат өткөрчү жайлары дагы болгон эмес, ал жергиликтүү бюджеттин эсебинен курула баштаган. "Бактылуу балалык" бала бакчасынын жетекчиси **Бактыгүл Тогузбаева** үчүн эң чечүүнү талап кылган маселе бул – кеңейүү! Бала бакча алгач 50 балага эсептелген. Балдарды төрт тарбиячы жана эки бала багуучу карайт. Бирок балдарын бала бакчага бергиси келгендер абдан көп болгондуктан, кошумча керебеттерди коюга жана көбүрөөк балдарды жайгаштырууга туура келип жатат. Мындан башка жол жок. Жеке бала бакчалар жок. Ата-энелер мындай каражатты төлөй алышпайт. Алар балдардын тамак-ашы үчүн ай сайын 600 сомду кыйынчылык менен төлөшөт. Азык-түлүктүн кымбаттоосу менен Бактыгүл Садыровна төлөмдү жогорулатууну ойлонууда. Бирок ата-энелер төлөмдү бир азга жогорулатууну дагы көтөрө алышпайт. Ошондуктан айыл өкмөтүнөн кошумча төлөм суроону чечкен.

- Биз орто жана улуу группага дарыгерлердин жана мугалимдердин балдарын алууга аракет кылабыз. Ошондо дагы азыр пандемияга байланыштуу чектөөлөрдөн улам бала бакчага 20 бала гана келүүдө. Бизде балдарын бала бакчага берип, Караколго ишке барууну каалаган энелердин саны толтура. Дагы эки группа – ясли жана кичи группаны ачуу зарыл, - дейт Бактыгүл Садыровна. Азыркы убакка чейин бала бакчанын жеке балдар аянтчасы дагы болгон эмес. Мекемени долбоорлоодо бул маселе каралган эмес экен. Бир нече жылдан кийин гана, 2019-жылдын кыш мезгилинде "Кумтөрдүн" каражатына аянтча үчүн жабдыктар жана инвентарь сатып алынды. Эми түшкү эс алуудан кийин балдар анда ойнотош. Алардын кубанычында чек жок!

- Биз "Кумтөр" компаниясы активдүү түрдө кайрымдуулук иши менен алектенерин билчүбүз. Ошондуктан ага жардам сурап кайрылдык. Арызды карап, кабыл алышты. Биз абдан ыраазыбыз! Эми балдарда селкинчек, каруселдер жана кубанычтуу күлкүлөрү бар чыныгы бактылуу балалык бар, - деп



Айылдын башчысы Куланбек Үркүнов мурун балдар ойной турган жер болбогонун эскерет.


бала бакчанын жетекчиси көрсөткөн колдоосу үчүн инвесторго ыраазычылык билдирди.

Балдарга арналган дагы бир балдар аянтчасы "Кумтөрдүн" аракети менен Жети-Өгүз районунун Оргочор айылында 2019-жылы пайда болгон. Бийлик органдары футбол аянтынын жанынан участок бөлүп беришкен. Футбол аянты дагы инвестордун жана жергиликтүү мектептин каражатына курулган. Аянтча мыкты салынды. Анын курулушуна 3 булактан каражат берилди: 982 миң сомдон көбүрөөк "Кумтөр" бөлдү, 560 миң сомдон көбүрөөк Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду бөлдү жана жарым миллион сом жергиликтүү бюджеттен курулуш материалдары жана брусчатка үчүн алынды. Ошентип, кароосуз участок балдардын сүйгөн жерине айланды. Тосмо менен тосулган аймакка коңшу айылдан дагы балдар





Мектептин ичине ал курулгандан баштап капиталдык оңдоо жүргүзүлгөн эмес. "Кумтөр" жаңы эшиктерди коюуга жана кабинеттердин шыптарын алмаштырууга жардам берди.



Тогузунчу класстын окуучусу Айдай бардык сабагын бешке окуйт, келечекте программист болгусу келет.



Турат Базылакунов пенсияга чыккан, бирок мектепте физикадан сабак берүүнү улантып келет. Себеби жаш кадрлар жок.

ойноо үчүн келишет. Аянтчада стол теннисин ойноо үчүн өзүнчө аймак, кенен эс алуу чатырчасы, селкинчектер, карусель, горкалар, отургучтар бар. Түндө аянтчага жарык берилет, ал эми анын коопсуздугуна кароолчу көз салат. Кароолчуга эмгек акы жергиликтүү бюджеттен төлөнөт.

- Биз "Кумтөргө" арыз менен кайрылдык, себеби балдарыбыз ойной турган жер жок болчу, - деп эстейт айыл башчысы **Куланбек Үркүнов**.

Ал өзү беш баланы тарбиялайт жана балдардын классташтары жана достору менен балдар аянтчасына бош убактысында келип таза абада убакыт өткөрүүсү балдарга канчалык кубаныч алып келерин билет.

Оргочордо жалпысынан 2 729 адам жашайт, алардын ичинде 14 жашка чейинки балдардын саны 710.

## ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕК ҮЧҮН

Онунчу класстын окуучусу **Айдай Усеналиева** – калкынын саны миң адамды түзгөн Тоң районунун Көл-Төр айылындагы Жекшен Айтикеев атындагы орто жалпы билим берүү мектебинин педагогтору ийгилигине сыймыктанган окуучуларынын бири.

Айдай бардык сабакты бешке окуйт. Жакшы көргөн сабактарынын ичинде кыргыз тили, англис тили, алгебра жана информатика бар. Мектепти аяктагандан кийин маалыматтык технологиялар факультетине тапшырып, программист кесибине ээ болгусу келет. Чет өлкөдө окууну жана саякаттоону кыялданат.

Чындыгында бул айылдык мектепте көптөгөн алдыңкы адамдар окуган. Алардын бири, мисалы, Ысык-Көл облусунун мурунку губернатору жана Бишкек шаарынын экс-мэри Балбак Түлөбаев.

Айтикеев атындагы мектептин окуучулары Жалпы республикалык тестирлөөдөн жогорку баллдарды алышат, райондук, облустук жана республикалык олимпиадаларда жана спартакиадаларда байгелүү орундарга ээ болушат. Бул албетте, көбүнчө педагогикалык курамдын эмгеги болуп саналат. Бул жерде өз кесибине жандүйнөсү жана жүрөгү менен берилген мугалимдер иштешет.

**Турат Базылакунов** 90-жылдары мектептин директору болгон. 40 жылдык эмгек стажынан кийин ал пенсияга чыккан жана мектепте физикадан сабак берүүнү улантып келет. Анын ордуна 30 жаштагы география **Муктарбек уулу Аваз** келген. Буга чейин 7 жыл завуч болуп иштеген Муктарбек 70-жылдардын башында окуу жайды жетектеген чоң атасынын жолун жолдогонун айтууга болот.

Педагогикалык курам тарбиялануучуларга ар дайым кам көрүүгө, окуу үчүн бардык керектүү шарттарды түзүүгө аракет кылат. 180 окуучуга эсептелген чоң, кенен мектеп бул жерге 1965- жылы курулган. Азыркы убакка чейин ичине бир дагы жолу оңдоо иштери жүргүзүлгөн эмес! Бюджеттен чатырды, терезелерди алмаштырууга акча бөлүнүп келген, бирок башка иштер үчүн каражат жеткен эмес.

«Кумтөр» жардамга келди.

Өткөн жылы компания оюм-чийими бар 25 жыгач эшик сатып алуу үчүн 172 миң сом жана бүтүндөй мектептин коридорунун жана бир нече кабинеттин шыбын оңдоо үчүн зарыл болгон материалдарга жана куралдарга 288 миң сом бөлдү.

Грантты салыштырмалуу пайдалуу колдонуу жана мүмкүн болушунча көбүрөөк иштерди аткаруу үчүн мугалимдер жана директор өздөрү 3 ай оңдоо иштерин жүргүзүштү. Окуу процессин токтотпоо үчүн эс алуу күндөрү иштешти. Мектепте дагы көп жасалчу иштер бар: калган класстарда эски шыптарды алмаштыруу, дубалдарды шыбоо жана актоо. 55 жыл ичинде акталган жерлер жарака кеткен жана көчө баштаган.

Бирок мындай кайдыгер эмес коллектив жана сырттан колдоо болгон учурда, баарын аткарууга болоруна ишенүүгө болот. Чыныгы мугалим үчүн чечилбөөчү маселелер болбойт.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Мирлан КИМСАНОВ.**



30-жаштагы директор Муктарбек уулу Аваз - мугалимдин урпагы.

«КУМТӨР» ЖАҢЫЛЫКТАРЫ
«Комсомольской Правда» Кыргызстан» гезитинин атайын саны
Басып чыгаруучу: ОсОО «Медиа Пресс»
«Комсомольская Правда - Бишкек»
Юстиция башкармалыгынан өткөн катталуу күбөлүгүнүн № 2067

Башкы директору: Ж. КЕРИМБАЕВ
Башкы редактордун милдетин аткаруучу: Ю. ХОХЛОВА
Жооптуу катчы: А. ВЛАДИМИРОВ
Дизайнер: Т.НУРМАНБЕТОВ

АДРЕС: 720040, Бишкек ш., Токтогул көч., 169


ТЕЛЕФОН: (0-312) 88-31-31
Гезит редакциянын компьютердик борборунда жасалды.

«ММК колдоо борбору» фондунун басамканасында басылды.
Дареги: Бишкек шаары, Горький көчөсү, 1 «Б».
Буйрутма №646. Нускасы 25 000 даана

Редакция авторлордун жарыяланган материалдары үчүн жоопкерчиликти өзүнө албайт.

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ САКТА – ТАШТАНДЫЛАРДЫ ЫЛГА!














**Таштандыны калемсап же фломастердин жардамы менен мисалда көрсөтүлгөндөй кылып таштанды бактарга туура бөлүштүр!**




Тарткан: Руслан ВАЛИТОВ